А-13



Дүрбүбү Абдылдаева

# Эл кызы — Нарын жылдызы

85.13
А-13

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАДАНИЯТ МИНИСТИРЛИГИ

ДҮРБҮБҮ АБДЫЛДАЕВА

# ЭЛ КЫЗЫ — НАРЫН ЖЫЛДЫЗЫ

*(Кыргыз Республикасынын эл артисти Тамара Жумакаеванын чыгармачылык ажары)*

БИШКЕК
«КЫРГЫЗТЕАТР»
1996

ББК 85. 33
А 13

**Абдылдаева Дүрбүбү**

**А—13** Эл кызы — Нарын жылдызы: Т. Жумакаеванын чыгармачылык ажары жана өмүр жолу / Сүрөтчүсү Б. Жайчыбеков; Кырг. Респ. маданият м-лиги, Кырг. театр ишмерлер союзу. — Б. «Кыргызтеатр», 1996 — 32 б.

ISBN 5-660-00033-5

Кыргыз Республикасынын эл артисти, Нарындагы М. Рыскулов атындагы музыкалуу драма театрынын актеру, таанымал ырчы Тамара Жумакаеванын өмүр жолу жана чыгармачылык ажары баяндалган бул китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

This book about People's artist of Kyrghyz Republic Artist of the Ryskulov's dramatheatre's in Naryn, Honoured singer Tamara Jumakaeva's life and about her works of art.

$\text{Р}\,\frac{4907000000085}{\text{М } 455\ (11) - 96}$

**ББК 85. 33**

ISBN 5-660-00033-5

**© «Кыргызстан» басмасы 1996**
**© «Кыргызтеатр» басмасы 1996**

1958-жылы эзели ак кары кетпей, төбөсү асман мелжиген Ала-Мышыктын койнунда күркүрөп көк иримдеп аккан Нарын дайрасынын жээгинде, тогуз жолдун тоомунан орун алган Нарын калаасында тогуз жылдык тыныгуудан кийин тоо койнундагы Тянь-Шань музыкалуу — драма театры жайнаган прожекторлордун жарыгын жандырып, көптү эңсеткен көшөгөсүн кайрадан ачты. Ошентип, Нарын дайрасынын жээгинде кыргыз элинин рухий казынасына Жумамүдүн Шералиев, Сагыйпа Чечейбаева, Канымгүл Досмамбетова, Калыйбек Тагаев, Сейитказы Андабеков, Койсун Карасартова, Зейнегүл Эсеналиева, Капар Медетбеков, Бакирдин Алиев, Тамара Жумакаева, Гүлсүн Мамашева, Гүлмайрам Момушеваларды тартуулаган жамы кыргыз журту сүйүп, сүктанып, ардактаган тоо элинин жылдыздарын берген театр чыгармачылык сапарын улантты. Ушул ысымдар атпай кыргыз айылдарына — карысынан жашына чейин аттын кашкасындай белгилүү. Айрыкча, ошол «Нарын жылдыздары» атанып, эл оозунан түшпөй турган алтымышынчы жылдары бул театрдын баркы кыргыз элине көк мелжиген Тянь-Шань тоолорунун өзүндөй бийик болуп көрүнөөр эле. «Нарын театры келди» дегенде кайсы жерде болбосун «тайлуудан таяк калбай» жапырт көтөрүлүп барып, таланттардын өнөрүнөн рахат алып кайтышчу. Ал түгүл кыргыз маданиятынын очогу, көркөм өнөрдүн борбору, мурда Фрунзе деп аталган баш калаабыздын эли да «нарындыктар» келгенде түп көтөрүлө барып, театрдын ичине батпай жык-жыйма жыйылып олтуруп, көрүшкөнүнө өзүм да далай ирет күбө болдум эле. Борбордук көрөрмандардын элеттен келген өнөрпоздордун ойунуна куштарлана тамшанып көргөндөрүнүн сыры эмнеде деген суроо туулары бышык. Анткени, Нарын аймагындагы жалаң кыргыздардан турган бир кылка эл өзүбүздүн кыргыз улутунун нукура жашоосун салтын, рухун бузбастан ушул күнгө

чейин асырап келген. Ал эми нарындык өнөрпоздор ошол элдин арасынан чыгышкандыктан кыргыздын генетикалык өзгөчөлүгүн, рухий-маданий колоритин алып жүрүшкөн. Айылдан келип шаарлашып, орусташып, түпкү маданиятынан ажырай баштаган борбордук көрүүчүлөр өзүнүн улуттук табиятын сагына баштаган болчу. Ошон үчүн «нарындыктарды» чыдамсыздык менен күтүшкөн жана алар келгенде чын дилинен кубанып тосуп алышкан. Бул көрүнүштүн өзүнчө бир себеби бар. Совет өкмөтүнүн орношу менен кошо келген жаңы театр өнөрү — драма жана опера-балет искусствосун кыргыз эли кандайдыр бир деңгээлде кабыл алганы менен алар биздин байыртадан бери элдин канына сиңип калган оюн-зоокторунун ордун баса алган жок. Байыркы доорлордон бери уланып келе жаткан өнөрлөрүбүз өнүкпөй элдин каалаганы ишке ашпай кала берген.

1960-жылдары кыргыз элинин нукура улуттук рухий маданиятынын көрөңгөсү кемип бараткан. Себеби кырк жылдык советтик доордун ичинде кыргыз элинин жашоо-турмушунан анын улуттук колоритин көрсөткөн маданий-эстетикалык табияты жоголо баштаган болчу. Айрыкча мындай көрүнүш биздин борбор калаанын маданиятына мүнөздүү болчу. Карамолдо Орозов, Ыбырай Туманов, Осмонкул Бөлөбалаев, Атай Огомбаев, Муса Баетов, Мыскал Өмүрканова сыяктуу кыргыз улуттук өнөрүнүн таланттарынан турган муун өзүнүн мезгилин жашап калган учур эле. Алар менен бирге кыргыз маданиятынын аброю кошо төмөндөп жаткан.

Ушундай учурда алыскы Тянь-Шань тоолорунун арасында ушул залкарлардан көрөңгө алган, алардын таалимин жолдогон, өнөрүн улаган Жумамүдүн Шералиев сыяктуу чыгармачыл инсан башында турган таланттардын топ жылдызы чыга келип, элдин жүрөгүнөн терең орун алды. Кыргыз жергесинин кайсы бурчунда болбосун аларды эл зор ынтызарлануу менен тосуп алышкан. Ошол нарындык топ жылдыздардын бирөө — Тамара Жумакаева эле.

Тамара Жумакаева кыргыз театр өнөрүнүн тарыхына Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» драмасында Жыпаргүлдүн образы менен ишенимдүү кирди да түбөлүккө алтын тамгалар менен жазылып калды.

Дүйнөлүк театрдын тарыхында улуу артисттердин чыгармачылык бийиктигин аныктаган бир же эки гана ролу болот. Анын сыңарындай кыргыздын улуттук театр

өнөрүндө да жалпы чыгармачылыгынан тышкары сахнада түзгөн бир же бир нече ролдору менен белгилүү болгон тарыхый театр доорун жараткан артисттер бар. Мындай иш таланты оргуштаган залкар артисттердин колунан гана келет. Маселен, М. Рыскуловдун Акылбеги (Б. Жакиев «Атанын тагдыры») ондогон жылдарды ичине камтыган кыргыз театрынын өлбөс тарыхын жаратты. Анын сыңарындай Б. Кыдыкееванын Катеринасы (А. Островский «Добул»), Д. Күйүкованын Толгонайы (Ч. Айтматов «Саманчынын жолу»), С. Күмүшалиеванын Оңолканы («Атанын тагдыры»), А. Өмүралиевдин Нурдини (Т. Абдумомунов «Абийир кечирбейт») улуттук сахна өнөрүнүн тарыхындагы алыстан аскар тоодой болуп көрүнгөн образдар. Ушул катардан Т. Жумакаеванын Жыпаргүлү да орун алат.

Ошондо Жыпаргүлдүн образын жараткан Т. Жумакаева бар болгону жыйырма үч (1965-жыл) гана жашта экен. Бирок, катаал турмушка жаштайынан аралашып, жетимчиликтин азабын тартып, эрте тотуккан актрисанын жашоо тажрыйбасы мол эле. Жыпаргүлдүн ийгилигине өбөлгө болгон жагдай да биринчи кезекте анын таланты гана эмес, дал ошол эрте каныккан турмуштук тажырыйбасынын натыйжасы деп айтсак жаңылбайбыз. Натыйжада сахнада турмуштун оор соккусунан майтарылбаган өзүнүн адамкерчилик касиеттерин жоготпостон сактап калган, тагдырына, жашоосуна даанышмандык менен баа берүү деңгээлине өсүп жеткен кыргыздын жаркын мүнөзгө ээ кызынын образы жаралды. Калың элдин жүрөгүн уялаган бул образдан ар бир көрүүчү, айрыкча кыргыздын кыз-келиндери өзүлөрүнө тааныш болгон турмушту ачык-дааны көрүшкөн, сезишкен. Дегинкиси Т. Жумакаева кыргыз театр өнөрүндөгү турмуш чындыгын калыбынан бузбай, элдик салттын нугунда дал өзүндөй кылып сахнага чыгарууда дилгир болгон таланттардын бири. Актриса жараткан образдардын элге алымдуулугунун сыры да ошондо.

Ошентип, Т. Жумакаева Жыпаргүлдүн образы аркылуу кыргыздын улуттук театр өнөрүнө өчпөс из калтырды. Кыргыз профессионалдык драматургиясынын аксакалы Т. Абдумомуновдун «Атабектин кызы» сахнада ийгиликтүү коюлган пьесаларынын бири. Драматург пьесанын ийгилигин арттырууга Т. Жумакаеванын чоң эмгек сиңиргенин баалап спектаклдин премьерасынан кийин минтип айткан: «Мына бүгүн даана оюн көргөн-

дөй болдум. Мурда башка чыгармаларымдын премьераларында ичимен оюнду койгондор менен келише албай Тамараны (жубайы — Д. А.) мыжыгып, кармалап атып чарчатчу элем. Бүгүн оюн көргөндөй болуп рахат алдым.»

«Атабектин кызы» кыргыз сахнасында буга чейин эле бир нече жолу рампанын жарыгын көргөн. Бирок, ал спектаклдер кыргыз театрына олуттуу жаңылык алып келген жок.

Он жыл мурда жазылган чыгарма Нарын театрынын сахнасына койулганда эмне себептен мындай чоң ийгиликке ээ болду? Биринчиден, алтымышынчы жылдардын башынан тартып, кыргыз айылдарында, айрыкча Нарын аймагында билимге, шаарга умтулуу шарданы башталды.

Себеби, жогорку билим бар адамдар коомдо беделдүү кызматтарга ээ болуп, карапайым элдин алдында урмат-сыйга татып, билимдүүлөр гана кадыр-барктуу боло алат деген ой өкүм сүрүп турган. Замандын агымынан четте калбаган кыргыз кыз-келиндери ошол учурда жеке адамдык кадыр-баркын, бактысын, билим алууда деп сезе башташкан. Кыргыз кыз-келиндери үчүн бул жолду жолдобогондор турмуштан артта калгандай эсептелчү. Ошон үчүн «Атабектин кызы» Жыпаргүл жогорку билим алууга умтулган бийик максатын турмушка чыгып, үй-бүлө күтүү кызыкчылыгына алмаштырып ийип жаңылып калды деп кабыл алынат. Жыпаргүлдүн «жаңылыштыгы» окубай, максатына жетпей калган көптөгөн кыз-келиндердин тагдырына үндөшүп турат.

Нарындыктардын, режиссер Эрменбек Токтогулов койгон, бул спектакли ошол мезгилдеги дагы бир орчундуу маселени чагылдырган. Режиссер автордун оюн толугу менен колдоп, спектаклде айылдыктар менен шаардыктардын көз караштарын, ыймандык жана моралдык сапаттарын карама-каршы коюп көрсөткөн. Ошондуктан, Жыпаргүлдү алдап кеткен Садыркул жеңил ойлуу, мансапкор, туруксуз, кыскасы адамдык кадыр-баркы пас шаардык жигит.

Албетте, мен жогоруда айтып өткөндөй спектаклдин ийгилиги башкы ролду — Жыпаргүлдү ойногон Т. Жумакаеванын таланты менен байланышкан. Жумакаева — Жыпаргүл сахнага чыкканда эле өзүнүн сырткы келбети менен айылда туулуп өскөн, ичинде арам ойу жок ачык-айрым, тарсылдаган тың, дили таза, сезими

жалындаган курч, тунук, акылы жетик, эң негизгиси ишенчээк кыздын образын жараткан. Бул образ ушундай сапаттары менен көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болгон.

Жыпаргүл — Жумакаева шаардык врач жигит Садыркулду чын дилинен берилип сүйүп калат. Актриса Жыпаргүлдүн махабатын романтикалык, поэтикалык боекторго боеп, тоонун булагындай болгон мөлтүр сезимин алыстан келген шаардык жигитке арнады. Жадырап-жайнап, балбылдаган тегерек кап-кара көздөрүнөн, авазы адамды суктандырган романтикалуу мукамдуулукка ээ болгон үнүнөн, дене-бойун көркүнө чыгара, сымбаттуу, келишимдүү баскан-турганынан Жыпаргүл — Жумакаеванын бүт жан-дүйнөсү махабаттын сыйкырына берилип, эргип анын поэтикалык дүйнөсүнүн кучагында жашап жаткандыгы сезилчү. Ал махабатына баш оту менен берилип ишенген, ушул тагдырына терең ыраазы болгон жан эле. Бүт өмүрүн жашоодогу калган бардык кызыкчылыгын ушул махабатына багыштап, жүрөгү Садыркул деп гана согуп калган. Бирок, мансапкор, туруксуз шаардык жигит Жыпаргүлдүн тунгуч, таза махабатын актаган жок. Ал бае кыздын мөлтүр сүйүүсүн өзүнүн жеке терс кызыкчылыктары менен булгап кетти. Мындай учурларда актрисалар Жыпаргүлдөйлөрдүн дүйнөсүн каран түнгө түшүрүп, сентименталдык мелодрамага айландырып жиберишчү. Т. Жумакаева деле көзүнүн жашын көл кылып, токтоно албай шолоктоп ыйлайт. Ал түгүл ошондогу көрүүчүлөр «Т. Жумакаева кыйын ыйлайт экен» дешип, анын ыйын көрүш үчүн театрга келишчү. Бирок, бул актрисанын көрүүчүлөрдү магниттей өзүнө тарткан ыйынын сыры — алданып, өзүн жоготуп, басынып, элден уялып, мүңгүрөп калган жаш кыздын ыйы эмес экендигинде. Тескерисинче, өзүнө татыксыз адамды сүйүп, алданып калганына ыза болгондон, жек көрүүдөн чыккан мончок жаш эле. Жыпаргүлдү ага жабышкан Садыркулдай арам, балит адамдан тазартып, жаш кызды жаркын жашоого, келечекке үндөп жаткан көз жаш эле. Жыпаргүл наристе махабаты менен түбөлүккө коштошуп жаткан акыркы жаш эле.

Т. Жумакаева өзү дагы турмушунда эрки күчтүү, күч-кубаты ашып-ташыган жашоо-мүнөзү оптимизмге сугарылган инсан. Ошондуктан анын Жыпаргүлү да турмуштун оор сыноосун башын бийик көтөрүп жеңип чыкты. Жумакаева жараткан Жыпаргүлдүн образы эм-

негедир А. Арбузовдун «Танясын» эске салат. Таня дагы Жыпаргүл дагы турмуштун татаал сыноосунан өтүп, өздөрүнүн адамдык касиетин сактап кала билишкен адамдар. Менин оюмча, Жыпаргүлдүн образы «Танянын» таасири менен жазылган болуш керек. Ошентип, Т. Жумакаева жаштыгына карабастан өз заманынын маанилүү маселелерин чагылдырган карапайым кыргыз кызынын жаркын образын жаратып, улуттук театрдын тарыхында түбөлүккө калды.

Т. Жумакаева 1942-жылы Тянь-Шань облусунун Куланак айылында төрөлгөн. Тагдырдын таш боордугу ушунда болсо керек, тогуз айлыгында атасы Жумакайдан айрылат. Эненин мээримине башка балдардай эркелеп көрбөй, беш жашында апасы Анардан да кол жууйт. Томолой жетим калган Тамара адегенде таенесинин колунда өсөт. Кийин мектеп жашына жеткенде таекелеринин үйүндө жүрүп бир аз окуп калат. Таекесинин баласы «бешке» окучу экен. Ал эми Тамара математикадан «эки» алса, таякеси «бул эмне деген жорук» деп китебин тытып ыргытып, мектепке жибербей окутпай коет. Ошентип, бешиктен бели чыга элек тырмактай кыз үй оокатын жасап, бала багып, ата-энелүү баланын ырыскысынан кем калып, жетимчиликтин кээрин тартат. Тамаранын жумушка тың экенин байкаган Илияс аттуу башкарма таякеси «анда мага бергиле» деп үйүнө алып кетет. Кышты-кыштай чоң чокойчон Тамара жаны тынбай үй жумушун жасап, кычыраган аязда суу ташып, бала багып, далай ирет тил угуп, баягы А. П. Чеховдун «Уйкум келет» аңгемесиндеги Ванянын көргөн күнүн көрөт. Көрүнгөндүн колунда үй малайы болуп жүргөн жетим кызды Абдыжакып деген сараң бай туугандары суу күкүктөп турган жаз айында «оокатка тың экен» деп атка учкаштырып үйүнө алып кетет. Ал 1950-жыл эле. Мектептен окубай калган Тамара сараң бай агасынын колунда бир жыл жүрөт. Үй оокатын кылат, анысы аз келгенсип мал да багат. Ата-энесинин мүрзөсүнүн үстүндө кой кайтарат. Кымындай кыз далай ирет ачка калып, көрбөгөн азаптарды көрөт. Аябай кыйналган кыз «мени алып кетсин» деп таенесине айттырып жиберет. Бирок, учурунда таенеси келип жээнин алып кете албайт. Кийин Абдыкерим деген таякеси Тамаранын кандай күндү көрүп жатканын угуп, боору ачып, «алып келип детдомго өткөрүп сал» деп Тамаранын таенесин жиберет. Ошентип, Тамара 1951-

жылы тогуз жашка толгондо мектеп босогосун кайрадан аттап, билим ала баштайт. Таякеси жардам берип, жашын бир жашка кичирейтип документ алып бербегенде Тамара балдар үйүнө да өтпөй, мектептен да окубай калмак. Ал орус классынан окуй баштайт. Класс жетекчиси Татьяна Ивановна Кожевникова жалаң «бешке» окуган Тамараны «ты моя голубка» деп жанындай көрүп, үйүнө эрчитип барып, нечен жолу пирожки менен курсагын тойгузганы али көз алдында... Бою кичинекей, жаратылышынан денеси чымыр, толук кыз орусча так сүйлөп, шакылдата декломация айтып, көпчүлүктүн көңүлүнүн борборунда жүргөн Тамараны ким жетим деп ойлосун? Ушул кулк мүнөзү өмүр бою сакталып калды. Мурдагыдай керели-кечке жумуш жасатып, жемелеп, тескеген киши жок болгондуктан анын бардык күч-кубаты тентектикке чыга баштады. Кыз башы менен эркек балдар менен күрөшүп ойноп, ал түгүл мушташа да кетчү. Бирок, ушул мектептен алган тарбия таалими кийин өмүр бою керегине жарады. Айкүмүш деген «строгий» тарбиячы эжейи Тамаранын кулк-мүнөзүнүн калыптанышына чоң таасирин тийгизди. Балдарга талапты катуу коюп, зыңкыйтып тартиптүү кармап, кыздарды сайма сайдырып, тор түйгүзүп, турмушка керектүү далай өнөрдү үйрөткөн. Тамара ушул кезге чейин Айкүмүш эжейин чын жүрөгүнөн ыраазы болуп эскерет. Айкүмүш эжейинин таалими Тамаранын табиятына сиңип, ал дагы өз балдарына «строгий» мамиле жасап, аларды эмгекке жаштайынан үйрөтүп, турмуштун ачуу-таттуусуна аябай бышырды. Боюна тыкан карап, тазалыкты сүйгөнү да ошол эжейинен калган.

Эки жылдан кийин, 1953-жылы Ат-Башы менен Куланак балдардын жатак үйү биригет. Жетимдер үйү Ат-Башыга көчүп кетет. Тамара эми кыргызча окуй баштайт. Ат-Башыда окуп жүргөндө анын искусствого шыктуу экени билинет. 4-классты бүтүрүп жатканда Мураталы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын мугалимдери: кыргыздын алгачкы улуттук дирижеру Шейше Орозов менен хореограф Гүлбара Даниярова жөндөмдүү балдарды тандаганы келишет. Жети баланы тандап алышат. Алардын ичинен Тамараны Ш. Орозов музыкага шыктуу экен десе, Г. Даниярова балетке ылайыктуу экен деп экөө талаша кетишет. Акыры Г. Даниярова жеңип чыгып, бий классына алышат.

Таидан келген жетөөнүн ичинен Фрунзеге келгенде сыноодон дагы өткөрүп турушуп, үчөөнү кайра жиберишет. Кыздардан Тамара жалгыз калат. Бир жыл —1954—55— окуу жылы Тамара балет классында окуйт. Бирок, бою өспөй жаратылышынан чымыр, толук денеси арыктабай койгондуктан кийинки жылы Тамаранын музыкалык жөндөмү күчтүү экен деп виолончель классына которушат. Табиятынан жөндөмдүү Тамара виолончель боюнча Шмиддин классында окуп, алты жылдык программаны төрт жылда бүтүрүп чыгат. Жалаң музыка менен гана чектелип калбастан жалпы орто билим берүү мектебинде дагы алдыңкы окуучулардан болуп тың окуйт. Ал кыргыздын атактуу уул-кыздары: окумуштуулар, жазуучулар, саясатчылар, медиктер, артисттер окуп чыгышкан кадимки бүткүл Кыргызстанга белгилүү Фрунзедеги № 5-мектептен билим алган. Тың да окучу, кыз экенине карабай баягы тентектиги да калбай келди. Бир топ балдарды сыя челек менен уруп ыйлаткан күндөрү да болду. Эркек балдар менен кошо жарышып, муштташып, ойноп кетмей Тамаранын айныгыс адаты эле. Өзү кырдуу балдарды, кыздарды ыйлаткан Тамара мугалимдерден далай жолу жеме уккан. Карыганча № 5-мектепте завуч болуп иштеп, бүт өмүрүн кыргыздын билимдүү уул-кыздарын тарбиялоого жумшаган Рудаков Тамаранын бейбаштыгына чыдабай орусча акцент менен кыргызча сүйлөп: «сен кыз башын менен бети жок» деп кулагынан, бетинен тултуйта чоюп доскага чыгарып жемелеген учурлары күнү бүгүн да эсинде... Бирок, ал мугалимдерди тажаткан добул тентектигин жакшы окуганы, артисттик жөндөмү менен жууп кетчү. Ошондой эле баягы жетимдер үйүндө жүргөндөгүсүндөй окуучулардын арасынан артисттик жөндөмү менен өзгөчөлөнүп турчу. Адатындай декломация айтып ырдап, бийлеп, мектепте өтчү кечелерди көркүнө чыгараар эле.

Кийинчерээк № 5-мектеп азыркы Мукаш Абдраев атындагы музыкалык орто мектебинин имаратына которулуп кетет. Анда Тамара 8-класста окуп жүргөн кези. Класстащ кыздардай болуп жигиттер менен кат жазышып, алгачкы сүйүүлөрдүн отуна чалдыкпай дагы эле мурдакы кыял-жоругунан жазбай, балдар менен атаандашып муштташканын калтырган жок. Ошол учурда М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында азыркы белгилүү театр режиссеру Искендер Рыскулов дагы

окучу. Мүнөзү тунт, балдарга көп аралашпай өзүнчө жүргөн Искендердин бул көрүнүшүнө кыжыры келген Тамара аны көк желкеге коюп, буттан чалып, ыза кылып кеткен күндөрү көп эле болгон. Тамара окуп жүргөн учурда кыргыз прозасынын негиз салуучусу К. Баялиновдун уулу Марклен Баялинов да жогорку класстардын биринде окуй турган. Окуу жайында өткөн кечелерде баардыгы вальс, твист бийлеп атышса сүйлөшкөн кызы менен бир орунда телмирген Маркленге ызырынган Тамара алыстан вальс бийлеп чимирилип келип экөөнү жөөлөп кеткен учурлары да өспүрүм курактын унутулгус учурларынан болуп калды. Искендерден келечекте таланттуу режиссер чыгаарын, өзүнүн да артист болуп, экөөнүн тең тагдыры театрга байланышаарын, ал эми М. Баялиновдун мансабы министрлик кызматка чейин көтөрүлөөрүн Тамара ал жылдары кайдан билиптир.

Деги Тамаранын тентектиги ошол кездери ашынып турган эле. Ал жылдары чучук шым кийген «стилягалардын» модасы күчүндө болчу. Чучуктай болгон шымдан ансыз да ийри буттары көзгө комсоо көрүнгөн агайларын Тамара көз көрүнөө шылдыңдап, мазактагандан да кайра тартчу эмес. Балбактаган шым кийип, берекелүү көрүнгөн айылдыктарга көнгөн кыздын көзүнө чучук шымчан «стилягалар» өөн учурачу. Тазалыкты бала кезинен медер тутуп, бою-башын дайыма тыкан алып жүргөнгө көнгөн Тамара кайсы гана мектепте окубасын ошол жерде санитарлардын председатели боло турган. № 5-мектепте да ошол милдетти аткарып жүрдү. Тазалыкты, тартипти бузган балдар менен танаписке чыкканда жаакташып, кээде мушташып да кетчү. Ал классташтарын ушинтип тартипке чакырчу. — Боксер бала менен мушташууга дааган Тамаранын жүрөгү деги тоо болсо керек — деп калышчу классташтары. Ошо кезде алыскы Африка континентинин окуулдөрү — негрлер кыргыз жергесине келип окуп, билим алышып жаңыдан пайда боло башташкан. Кара түстүү адамдарды алгач көрүп жаткан эл таңдана бурула карап калышаар эле. Тамара дагы курбуларына кошулуп негрлерге таш ыргытып, тамашалап ойноочу. Бактын башына чыгып алып, сүйлөшүп турушкан кыз-жигиттерди аңдып, бийкечтердин чачтарын зым менен тартып кокуйлаткан адатын азыр эстесе жүзү кызара түшөт. Анын шоктугу акыры жүрүп олтуруп балдардын чөнтөгүн аңтарып, то-

ногонго жеткирет. Ушул эле азыркы куудулдар театрынын башкы режиссеру Бектен Абдылдаевдин чөнтөгүн коркутуп туруп кагып кеткен күндөрүн жолугушканда эскерип калышат.

Тамара сыртынан ушинтип тентек болуп, жасабаганды жасап интернаттын бекер нанына семирип, көөп жүргөндөй көрүнгөнү менен жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген нечен кайгы-муңу бар экенин Керез деген Ат-Башылык скрипкада ойногон курбусу гана билчү. Экөө туулуп өскөн айылын, эли-жерин сагынып күүгүмдө беседкага олтуруп алышып бири-бирине арыз-муңун айтышып, көз жаштарын эч кимге көргөзбөй көл кылып ыйлашып, чарчаганда уктап калган күндөрү да болду. Чөнтөгүндө тыйыны жок Керездин Кызыл-Аскердеги агасыныкына кондуктордон жашынып «зайчик» болуп барышаар эле. Экөөн агасы тамакка тойгузуп, чөнтөктөрүнө конфет салып берсе, сүйүнгөн эки кыз ал конфеттерди өздөрү жебей жатаканадагы курбу-курдаштарына таратып берүүгө ашыгышат.

Окуучулар жайкы каникулга тарап, ата-энелерине эс алганы кетишкенде барар жери жок Тамара интернатта жалгыз кала берчү. Мына ушундай кырдаалда эс тартып калган өспүрүм кызды көңүлүн чөгөргөн дагы бир кайгы басат. Таксист болуп иштеген жалгыз уялаш улуу эжеси киши койдуруп кетип түрмөгө түшүп калат. Ошентип, тагдырдын катаал шамалы жалгыз өбөгүнөн да утурумдук ажыроого мажбурлады. Багар-көрөөрү жок жалгыз интернатты караган Тамара жылдызы түшүп, басынып калбастан түрдүү айла-амалдар менен өзүнө керектүү кийим кечек, акча иштеп таба баштайт. Ушундай кыйынчылыкка моюн сунбаган, кандай гана акыбалда калбасын жолун таап жеңип кете билген мүнөзү кийин өмүр бою анын жашоо принцибине айланды. Айрым мугалимдердин үй жумуштарын жасап, кызмат кылып, акысына кийим кечек, тамак-аш, акча таап алчу. Клава деген ашпозчу аялга тамакка деген талондорун берип, акчага айлантып, почтодо кезит тигип отуз сом айлык алып, топтогон акчасына түрмөдө жаткан эжесине тамак-аш киргизип жүрдү. Жогоруда айтылгандай жүрөгүнүн түпкүрүнө катылган кайгысынан уламбы, же курбу-курдаштарынан кем калбастын айласын табууданбы же жан багыштанбы, айтор тогузунчу класста Тамара сабактан начарлап кетет. Айрыкча математикадан артта калат. Мате-

матика сабагынан берген Абдуллина деген эжейи менен географиядан окуткан Ялалов деген агайы Тамараны «сабак билбейсиң» деп көп жемелешкени да бекеринен эмес эле. Чоң турмуштун мына ушундай сабактары жаш кызды эртелеп эрезеге жеткирди.

Он алты жашка чыгып бой тартып калган кыз окуудан башка да көп нерселерге ынтызарлана баштайт. Кыргыз искусствосунун сыймыгы болгон балеттин чолпон жылдызы Бүбүсайра Бейшеналиеванын «Эсмаральда» балетинде Эсмаральданын партиясын бийлегени өзгөчө суктандырчу. Б. Кыдыкееванын, С. Далбаев, Б. Шалтаев, Ж. Молдобаевдин оюндарына ашык эле. Ал эми залкар М. Рыскуловдун оюнун кайта-кайта тажабай көрө турган. Театрдан оюн калтырбай көргөнү болочок актрисанын сахнага деген сүйүүсүнүн ойгонуп келе жатканынын белгиси болчу. Ал сүйүүсү бара-бара Тамаранын артисттик шыгын ойготуп, оюндардан көргөн ролдорун туурата баштады. Анын театрга деген ынтызарлыгы улам күчөп, искусствого болгон эргүүсү, сүйүүсү тутанып турган учурда биз мыкты сүрөтчүлөр деп эсептеген Ж. Кожакматов, К. Керимбековдордукунда бала-бакырасына карашып, кол кабыш кылышып, алардын интернаттын подвалында жашап, тарткан сүрөттөрүнө да назары түшүп, ажайып дүйнөгө биротоло арбалып бараткан болчу.

Ошентип жүрүп, жанын багыштын айласын кылып жатып, сабагынан начарлап кеткен Тамара эми мектепти биротоло таштап, көрүнгөндүн колун карабай, өз бет алдынча иштеп жанын багууну чечет. К. Керимбековдун жардамы менен паспорт алып, мектептен чыгып Сүрөтчүлөр үйүнүн килем токуучу цехинде жумушчу болуп орношот. Жалаң карыган орус аялдарынын арасында иштей баштайт. Бул жерде да тырышчаак кыз адаттагысындай эле зээндүүлүгүн, тыңдыгын көрсөтүп, ишти илгиртпей бат эле өздөштүрүп кетет. Ушинтип борбордо иштеп жүрө берет беле, аны кандай тагдыр күтүп турганын ким билет эле, аңгыча эжеси түрмөдөн бошонуп келип, экөө туулуп-өскөн жерине көчүп кетишет.

Нарынга келиши менен Тамараны анын түбөлүк жашоосу боло турган тагдыр күтүп турган эле. Ал тагдыр — театр. Дагы эле жашай турган өз үйлөрү жок эже-сиңди Эшкулов Абдыкерим деген облусттук кезитте иштеген журналист таякесинин үйүндө баш паанек-

теп калышат. Таякесинин беш баласын багышып үйдө олтурганда Тамара зериккенден таяженесинин чүрпөлөрү менен «жүргүлө концерт көргөзөм» деп чакырып алып, оозгу үйдө борбордон көргөн сүйүктүү артисттерин туурап, бирде күлдүрүп, бирде кайгыртып, кадимкидей «театр» көрсөтчү. Бул концерт күн сайын кайталанат. Ошондо редакциянын тапшырмасын аткарып төркү үйдө кагазын чиймелеп олтурган таекеси жээнинин өнөрүнө, шыгына ичинен ыраазы болуп, анын тагдыры театрга байланыштуу экенин түшүнгөн кыраакы адам, күндөрдүн бириндe кызды «Жумакеме (Жумамүдүн Шералиев) барып бир көрүнүп келчи» деп жөнөтөт. Көрсө, мурдатан эле Жумамүдүн Шералиев менен сүйлөшүп койгон экен. Ж. Шералиев Тамараны ырдатып-бийлетип көрөт. Кыздын өнөрү купулуна толгон бейм — ошо жерден эле театрдын башкы режиссеру Медербек Назаралиев менен телефон аркылуу сүйлөшөт.

Эртеси Тамара М. Назаралиевге барып жолугат. Тамара таржымалын төкпөй-чачпай башкы режиссерго айтып берет. М. Назаралиев: «Эртең комиссия менен чогуу-чаран көрүп, чечебиз» деп кызды үйүнө жиберет. Анын айтканындай эле эртеси театрдын башкы режиссеру баш болгон коллективдин ак сакал, көк сакалынын баарынан турган комиссия Тамараны жети этюд, он бир ыр ырдатып, бийлетип, ар тараптуу катуу сыноодон өткөрүшөт. Чындыгында бир же эки ыр ырдатып көрүп эле, кимдин ким экенин түшүнгөн театрдын устаттары бул жолу Тамаранын талантына тамшанышып, сыноону шылтоолошуп, кайра-кайра ырдатышкан болушчу. Акырында Асанкул Куттубаев: «ушул кызды театрга алыш керек» деп бүтүм чыгарат. Ошентип, Тамара 1960-жылы Ала-Мышыктын этегин жаңыдан алашалбырт баса баштаган март айында тагдырын Нарын (анда Тянь-Шань) музыкалуу драма театры менен байланыштырат.

Тамара театрдын босогосун адеп аттаган күндөн эле режиссер ага кара калпак драматургу С. Кожониязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» аттуу комедиясында Сейдимкандын ролун тапшырат. Театрда иштеп, спектакль сайын роль жаттап, чарчаган, тажап калган коллегаларынан айрымаланып, биринчиден көптөн эңсеген тилегине жетип артист болуп киргенине жетине албай, кубанычы койнуна батпай сүйүнгөн, жаңыдан кадам шилтеп жаткан турмушу көзүнө сырдуу, романтикалуу кө-

рүнгөн Тамара бир түндүн ичинде таң аткыча кирпик какпай терезенин түбүндө көчөнү карап туруп, өзүнүн гана ролу эмес, бүт пьесаны жаттап алат. Түндүн кандай өткөнүн билбей калган кыз таң азандан театрга келип, оюндун режиссеру Асанбек Кыдырназаровду күтүп олтурат. Режиссер репетицияны баштаганда Тамара труппанын алдында пьесаны толугу менен шатырата айтып берет. Тамаранын көлөмдүү пьесаны бир заматта жаттап салган зээндүүлүгүнө театрдын жамааты бир эсе таң калышса, ал эми анын бул «жоругу» улуу-кичүүнүн жылмайуусун пайда кылган. Эки күндөн кийин «Сүйбөгөнгө сүйкөнбөнү» койгон артисттер Ош тарапка гастролго жөнөп кетишти. Эки айга созулган гастроль учурунда жаш актриса өз ролун да мыкты аткарып, уккулуктуу үнү менен концерттерде да жагымдуу ыр ырдап, жөндөмдүү жаңы артист катары элге тааныла баштады.

Алгачкы гастролго чыкканда эле Тамара өзүнүн ишке болгон жоопкерчилиги, башкаларга камкор мамилеси, элпектиги, сылыктыгы, айрыкча жароокерлиги, ачык-айрым шайыр мүнөзү, адамкерчилиги менен коллективдин сүймөнчүлүгүнө ээ болот. Кандай гана кыйынчылык болбосун кабагым-кашым дебестен оптимисттик маанайы эч чарчап-чаалыкпаганы, ашып-ташыган жаштык күч-кубаты жалпы труппанын демине-дем, шыгын-шык кошуп турчу. Актрисанын ушул адам көз артаарлык касиеттери кийин өмүр бою өз тулкунда бир жеринен кемибестен сакталып калды.

Тамаранын жетимчиликтин азабын тартканы албетте, бир четинен кымындай баланын башына түшкөн оор мүшкүл экени талашсыз, бирок, жетимчилик ал үчүн чоң турмуш мектеби болуп калды. Жетимчиликтин берген турмуш сабагы Т. Жумакаеванын чыгармачылыгында өзүнүн оң таасирин гана тийгизди. Ал эми секелек кезинен төрт жыл музыкалык мектепте окуганы болочок актрисанын ички дүйнөсүн, дене боюн сахнага ылайыктап тарбиялады. Теңирим өзү баарын атайылап жасаганбы, айтор, аны жанакыдай турмуштук чоң мектептен өткөрүп, керектүү билим берип даярдап, талантты туш-тарабынан келиштире мол тартуулап дене боюнун сымбаты жарашкан ийкемдүүлүгү, үнүнүн бөтөнчө мукамдулугу, артисттик дараметинин органикалуулугу,— аны он сегизге чыга элек ууз кезинде кыргыз сахнасына белек кылып берген окшобойбу.

Актриса театрга адеп келгенде жаштыгына байла-

ныштуу тындыгынан улам мурдатан коюлган спектаклдерде башка артисттердин орудуна кирип, көптөгөн ролдорду ийгиликтүү аткарды. Анын алгачкы өзүнө берилген ролу К. Маликовдун «Алмаш» аттуу драмасындагы Күкүянын образы болду. Күкүя — Тамара менен куракташ студентканын образы. Кечээле өзү музыкалык окуу жайынын студенткасы болгон актриса аны кыйналып-кысталбастан эле сахнага ийгиликтүү чыгарат. Бирок, бул роль актрисага чыгармачылык канааттандыруу алып келе алган жок. Образ автор тарабынан анча терең иштелбегендиктен актрисанын жөндөмү толук ачыла алган эмес.

Кыргыз театрынын сахнасынан орун алган белгилүү бир пьесалар бар. Ошолордун бири элдик оозеки мурастын негизинде жазылган К. Эшмамбетовдун «Саринжи» драмасы. Бул драма ошо жылдары Нарын театрында кайрадан коюлганда Саринжинин сүйгөнү Берметтин жакын жеңесинин ролу Т. Жумакаевага берилет. Мында Тамара мүнөзү ачык-айрым шакылдаган келиндин образын түздү. Ошол алгачкы изденүү жылдарында жөндөмдүү жаш актриса — Н. Жндүбаеванын «Гүлнар», аттуу драмасында парторгдун, Т. Мамбетов менен Ж. Садыковдун «Эми эмне болот» аттуу пьесасында Үлпөттүн, Ж. Абдыкадыровдун «Толкун» деген драмасында Толкундун образдарын жаратып жана Ж. Жайнаковдун «Жүрөк кечирбейт» А. Тажибаевдин «Портрет», Э. Токтогуловдун «Бир короонун кишилери» драмаларында чоң-чоң ролдорду ойноп такшалат. Ошол такшалуу мезгилинин жыйынтыгы актрисанын чыгармачылыгында — Жыпаргүлдүн образы болуп калды. Бул образдан кийин Т. Жумакаева 1967-жылга чейин кыргыз драматургиясы боюнча коюлган К. Жантөшевдин «Шайтан кыз», Б. Жакиевдин «Миң кыял» сыяктуу комедиялар жана драмаларында ийгиликтүү ролдорду жаратты. Кыргыз жана бизге боордош казак, каракалпак пьесаларындагы турмуш-тиричилик (бытовой) жагдайда жазылган образдарда Тамара оюндун режиссеруна кыйынчылык келтирбестен, өзү да кыйналып-кысталбастан ролдорду тез эле ийине жеткире чыгарып жүрдү.

Театрда иштеген жети жылдын аралыгында Т. Жумакаева орус жана дүйнөлүк драматургиянын негизинде коюлган спектаклдерде бир дагы роль аткарган эмес. Ошол мезгилде театрда бирин-серин болсо дагы дүйнөлүк жана орус драматургиясынын пьесалары коюлуп

**Нарын музыкалуу драма театрынын артисти, ырчы Тамара Жумакаева.**

**Нарын театрынын Фрунзе шаарындагы декадасынын учуру Т. Жумакаева Кыргыз филармониясынын артисти С. Төлөкова менен. 1968-ж.**









Б. Өмүралиев «Жаңырык» (Жүз катын) реж. Рысбек Кемпирбаев. Дарика — Т. Жумакаева

Тамара Жумакаева ырдайт.

В. Вишневский «Оптимисттик трагедия» Комиссар — Т. Жумакаева.

Т. Жумакаева ырдайт. Аккордеондо К. Тагаев.





Б. Өмүралиев «Жаңырык» (Жүз катын) режиссеру Р. Кемпирбаев. Дарика — Т. Жумакаева.

Н. Анкилов «Жоокердин жесири» Полина — Т. Жумакаева.

У. Шекспир. «Отелло» (Бьянка — Т. Жумакаева) спектаклинде ойноор алдында.

Т. Жумакаева белгилүү комузчу, обончу Зайниддин Иманалиев менен.

Ж. Бөкөнбаев «Алтын кыз» Ажар — Т. Жумакаева.

Ч. Айтматов «Эрте жаздагы турналар» 1-аял — Т. Жумакаева.





Кырг. ССРинин эл артисти Т. Жумакаева.

Т. Жумакаева улуттук спектаклде.

А. Цагарели «Ханума» — Т. Жумакаева.

А. Макаенок. «Чалгынчынын тагдыры» Луиза — Т. Жумакаева.



**А. Цагарели «Хану-ма» — Т. Жумакаева.**

**Э. Де Филиппо «Ни-келешкенден кийин» Фелломена Мартура-но — Т. Жумакаева.**

**Ч. Айтматов «Кыя-мат» Акбара — Т. Жу-макаева, Ташчайнар — Исмаилов.**



Кырг. ССРинин эл артисти, Нарын шаардык Советинин депутаты Т. Жумакаева.

Ырчы Т. Жумакаева, аккордеондо коштогон К. Абылов

Нарын музыкалуу драма театрынын Москвадагы декадасынан кийин СССР театр ишмерлер Союзундагы чыгармачылык жолугушууда. 1968-ж.

«Ханума» — Тамара.

Москва. М. Рыскулов атындагы Нарын музыкалуу театрынын декадасы. «Ханума» спектаклинен кийин. Алдыңкы катарда, ортодо: Т. Жумакаева — Ханума, К. Карасартова — Текиле.

турган. Андагы театрдын көркөм жетекчилиги жаш актрисаны али классикалык репертуарда ойноого жаштык кылат деген чечимде болушса керек. Бирок, Т. Жумакаеванын классикалык репертуарда ойной турган учуру да келип жетти. Ал —1967-жыл эле.

Биздин кечээки кайра курууга чейинки коомдун тарыхый башталышы болгон Улуу октябрь социалисттик революциясынын жарым кылымдык майрамына арналып Тянь-Шань музыкалуу драма театрында анын ошол кездеги башкы режиссеру Бообек Ибраев сахналаштырган Всеволод Вишневскийдин «Оптимисттик трагедиясында» башкы роль — Комиссардын образын Т. Жумакаева жогорку чеберчиликте жаратты. Б. Ибраевдин бул трагедияны койгон себеби театрда Комиссардын образын жарата ала турган актриса бар деп ишенгенинде эле. Ал — Т. Жумакаева болчу. Бул роль актрисанын чыгармачылык жолундагы бирден — бир жооптуу сыноо болуп калды. Роль ыйгарылганда актриса «колумдан келээр бекен» деп бир топ жүрөксүндү. Анткени 20-кылымдын улуу трагедиялык актрисасы деп эсептелген Москвадагы А. Таировдун Камералык театрындагы «биринчи актрисасы» Алиса Коонен жаратып, советтик театрдын тарыхында чоң окуяга айландырган, кийин Г. А. Товстоногов Ленинградда А. С. Пушкин атындагы театрда койгондо Лебзак ойноп тарыхта калган Комиссардын образы кыргыздын бийик тоолуу театрынын сахнасына келип, Т. Жумакаевага тапшырылганы актрисаны тынчсыздандырбай койгон жок. Буга чейин жалаң гана кыргыздын кыз-келиндеринин ролдорун аткарып келген актриса алгачкы жолу андан интеллектуалдык деңгээлди талап кылган образ менен беттешип жаткан. Комиссар Тамара үчүн адегенде «ачылбаган сандык» болду. Анткени, биринчиден орус мүнөзү, жашоосу болсо, экинчиден социалисттик революцияга фанатикалык түрдө берилип, анын идеясын турмушка ашырган саясатчы, аскер кызматындагы аялдын образы эле. Пьесанын актрисага мурдатан белгисиз болгон окуясын ал абстрактуу ой менен алыскы элес катары түшүнгөн. Бул образга кан жүгүртүп, аны тирүү адамга айлантыш үчүн актрисага чоң даярдык керек болду. Роль колуна тийген күндөн баштап ал эс албастан кызуу даярдана баштайт. «Оптимисттик трагедиянын» жазылыш тарыхы, анын коюлушу, Комиссардын ролун кимдер ойногону менен колдо бар адабиятты алып

таанышып чыгат. Бул чыгарма боюнча коюлган белгилүү кинофильмди көрөт. Комиссардын бейтааныш образы боюна сиңбей, нечен түйшөлөт, түн уйкусун онго бөлүп, аябай кыйналат. Анын үстүнө режиссер Б. Ибраев актрисадан монументалдуу жалындаган профессионал революционердин образын талап кылган. Актриса изденип, ар түрдүү айла-амалга салып көрөт. Жалаң сезим аркылуу чыгарайын десе, образ өзүнүн адабий көркөм деңгээлине жетпей кала турган. Көнүмүш болуп калган кыргызча бийик үн менен ойносо, куру кыйкырыкка айланып, образ ичи көңдөй долу аялга окшоп калары шексиз. Ушинтип кыйналып жүргөн күндөрүнүн биринде акыл-сезиминин түпкүрүндө билинбестен жүрүп жаткан изденүү процесси түшүндө аян болуп кирет. Эртеси турса дене бою жеңилдеп өзү чечкиндүү болуп бир жыйынтыкка келип калганы байкалат. Ошол күнү репетицияда режиссер да, актриса да жана анын сахналык өнөктөштөрү да образдын чыга келгенине күбө болушат.

Кайсы гана башка улуттун чыгармасы сахналаштырылбасын сырткы гана атрибуттары: мисалы, окуясы, мезгили, кийим-кечеси, жашоо мүнөзү ошол элге таандык болгону менен анын ички дүйнөсү, сезимдери, акыл-эси, кулк-мүнөзү баары бир кыргыз бойдон кала берет. Анын сыңарында Т. Жумакаеванын Комиссары накта кыргыз элинин баатыр аялдарынын образдарына окшоштурулуп жаралган болчу. Буга далил катары учурунда Т. Жумакаеванын Комиссарын өз көзү менен көргөн К. Ибраимовдун чыгармачылык портретинен мисал келтирсе болот: «Оптимисттик трагедиядагы» башкы каарман Комиссардын эң сонун мүнөзүн ачып берген Тамара Жумакаеванын да үлүшү бар. Кандайча? Вожак баш болгон моряктар революциянын алоолонгон отуна каршы турушуп, кандай да болсо аны өчүрүүнүн аракетинде болушат. Экинчиден, көпчүлүк моряктар аларды ээрчип, революцияга анчалык маани беришпестен ишенимсиз карашат. Бирок Комиссар алардын ар кандай тоскоолдуктарына моюн бербестен эркек мүнөздөгү эргиген эрк, келечекти терең түшүнгөн кайраткердик, моряктарды түшүндүрө билген насаатчылыгы менен жеңип чыгат. (К. Ибраимов. «Сахна комиссары» «Нарын правдасы», 5-ноябрь, 1972-жыл.) Сынчынын макаласында көрүнүп тургандай Т. Жумакаева кыргыз элинин оозунда легендага айланган көк жал мүнөздүү

кыз Сайкал, Каныкей, Жаңыл Мырза сыяктуу баатыр аял заттарынын образдарына таянган. Комиссар — Жумакаева моряктар менен алгачкы жолугушуусунда ага кол салууга ниеттенген жапайы массаны болоттой эрки, жалындаган кайраты менен ооздуктайт. Т. Жумакаеванын Комиссары эл башында турган эркек мүнөздүү монументалдуу образ.

«Оптимисттик трагедия» театрдын тарыхында этаптуу чыгармалардан болуп калды. Анын ийгилиги негизинен Т. Жумакаеванын эмгегине байланыштуу болду. Ошондуктан актриса 1971-жылы өткөрүлгөн жаш артисттердин республикалык кароосунда Комиссардын ролу үчүн биринчи сыйлыкты жеңип алат.

Т. Жумакаева «Оптимисттик трагедиядан» кийин кайрадан көнүп калган кыргыз драматургиясынын чыгармалары боюнча коюлган спектаклдерде бир нече олуттуу ролдорду ойноп, Нарын театрынын чыгармачылыгынын өсүшүнө өз салымын кошту. Маселен, ошол мезгилде сахналаштырылган С. Шимеевдин «Өмүр жөнүндө баян», М. Тойбаевдин «Талаа гүлдөрү», П. Афанасьевдин «Тоолор жана адамдар», Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна», Ж. Садыковдун «Тайгак жол» сыяктуу драмаларында жана комедияларында көзгө толумдуу образдарды жаратып, чыгармачылык тажырыйбасын дагы кыйла байытты.

Ушул жылдардын аралыгында Т. Жумакаева турмушка чыгып, үй-бүлө күтүп, бала-бакыралуу болду. Бирок, сахнага деген туруктуу ынтазарлыгын башка эч нерсеге алмаштырган жок. Баягы биринчи күндөрдөгүдөй эле сахнаны жалындап сүйүп келди, Кыргыз театрлары, өзгөчө элеттик сахна коллективдери жылдын көпчүлүк мезгилдерин айыл жерлерин кыдырып концерт коюп, гастролдо жүрүп өткөрүшөт. Анткен себеби түшүнүктүү. Кыргыз көрүүчүлөрүнүн токсонго жакын проценти айыл-апада жашашат. Ошондуктан биринчиден, өкмөт берген планды аткарыш үчүн, экинчиден айыл эмгекчилерин маданий, рухий жактан тейлеш үчүн кыргыз театрлары жайы-кышы эл арасында жүрүшөт. Ал түгүл кычыраган кышта алыскы Ак-Сай, Арпа сыяктуу түкүрүк жерге түшпөй тоңуп калган кыштоолорго чейин театр гастролго барганда үч чиедей баласын жанына алып кошо жүрдү. Балдарынын да камын көрүп, сахнада да чаалыкпай эмгектенди. Конференсье болуп, оюндарда башкы ролдорду аткарып, ондон ашык ыр ырдап,

айтор, үй-бүлөсүнүн да театрдын да жүгүн бирдей ала келди. Өзгөчө Нарын театры бир жылдын сегиз айын «дөңгөлөктүн үстүндө өткөргөн» театр. Ошол гастролдо жүргөн күндөрдө артисттер баштарынан түрдүү кыйынчылыктарды өткөрүшүп, бирок, бардыгына чыдап келишүүдө. Мындай кыйынчылыктар ар бир артисттин өмүр жолунда аны дайыма коштоп жүргөн көнүмүш көрүнүш. Бул кыйынчылыктарды Тамаранын чыгармачылык таржымалынан да көрөбүз. Т. Жумакаева театрга кирген күндөн тартып, отуз жылдык чыгармачыл жолунда Кыргызстандын булуң-бурчун түгөл кыдырып чыкты. Мээ кайнаткан ысыкта Оштун пахтачыларына оюн коюп жүргөндө автобус бузулуп жолдо калышып, таңдайлары катып суусаганда радиаторлордун бензин жыттанган сары суусун ичип, далай ирет баткакка тыгылган машинени ылай кечип түртүп чыгарып, баталашатала болуп өңдөрү таанылбай калган күндөрдүн баарын Жумакаева да көпчүлүк катары башынан кечирди.

Кыштын кыраан чилдесинде автобуста баратканда балдардын жалаягын кургата албай тоборсуп калсын деп белдемчисине кошо байлап алып кургаткан күндөрүн кантип унутсун? Ошентсе да бардык кыйынчылыкка бала кезинен бышыккандыктан дегеле оорчулукту сезип койчу эмес. Эл сыяктанып чарчаганды да билбейсиң дешип курбулары чын пейилден ыраазы боло турган. Кечинде оюнда башкы ролду аткарып, концертте бир нече ырды созолонтуп, конок болгондо да таң атканча ырдап, анысы аз келгенсип мейман күткөн үй ээсинин оокатына кол кабыш кылып жиберип, кирпик какпай күн тоскон учуру көп эле болду. Эртеси автобуста коңшу айылга оюн койгону баратканда уктап эс алып аткан артисттерге тынчтык бербей, жандарын койчу эмес. Кагазды ороп алып, кулак-мурдуна сайгылап ойноп, алардын ар бирин оюнда кантип ойногонун, концертте ырдаганын, конокто олтурганын өз ара кыжылдаша кеткендерин тамаша кылып туурап, боорлору эзилгенче күлдүрүп, уйкусун умачтай ачып эс алдырып коер эле. Ал эми Тамаранын өзү качан эс алып алганын эч ким байкабай да калчу.

Ушул мээ кайнаткан ысыкта чөлдө, аязда ашууда калганда актрисанын көргөн азап-тозогунун баары биригип келип, бир кечтеги сахнага чыгып көрүүчүлөрдүн алкоосуна татыктуу болгондон алган рахаттын миңден бирине да тең келе алчу эмес. Ошол өмүр максатына

айланган «театр» деп каккан жүрөгүн, сахна берген бакыт-таалай башка бардык түйшүктөрдү, кыйынчылыктарды, кабагым-кашым дебей көтөргөнгө күч берген.

Гастроль күндөрү өзүнүн ушундай жыргалы менен да, кууралы менен да Т. Жумакаеванын отуз жылдык өмүрүнүн эстен кеткис чоң бөлүгүнө айланды. Деги гастроль учурунда эмне деген гана окуялар башынан өтпөйт. Алардын арасында атайылап ойлосоң оюңа келбей турган күлкүлүү, анектоддуу окуялар көп болот. Бир жолу Т. Жумакаева Жумгалдагы айылдардын биринде, жайык, саздак жерде оюн коюп, концерт берип атканда Аксуубай Атабаевдин «Тоолор» деген ырын ырдап, үнүн созо бергенде оозуна чиркей учуп кирип кетип, тамагына тыгылып калып, үнү чыкпай калат. Ошол учурда ар жактан ушуну эле күтүп тургансып, эшек айкырып жиберип, көрүүчүлөр ырчынын үнүнүн чыкпай калганын байкабай калышат. Көшөгөнүн артында турган артисттер» Тамара ырдап атат» деп боорлору катканча күлүшөт. Же болбосо, Казакстанда гастролдо жүргөндө концерт берип атып, өзүн көздөй секирип келе жаткан кара куртту көрүп, Т. Жумакаева да улам артты көздөй кошо секирип жатып, ырын да ырдап бүтөт, өзү да сахнадан чыгып кетет.

Бетине грим коюп жүзү апапакай, көздөрү кап-кара болуп жоодурап, нур чачыратып балбылдап турган жаш, сулуу артисткага көп адамдар ашык болучу. Оюн бүтүп конокто олтурганда атайын Т. Жумакаеваны көрөбүз, таанышабыз деп келген баягы ашыктар «жанагы ак кызыңар кана?» деп сурашса, артисттер маңдайында кара-торусунан келген тоголок кызды көрсөтүшсө, мындайды күтпөгөн тигилер ооздорун ачышып, эмне кылышаарын билбей дал болуп калышканын кесиптештери көп эле баамдашкан. Муну байкаган бир тууган эжесиндей болуп дайыма жанында жүргөн, кыргыз аялдарынын ичинен чыккан обончу Канымгүл Досмамбетова «гримиңди албай эле койчу» деп суранып калаар эле. Анын себеби: жалаң гана гримде эмес, сахнанын ой менен, сөз менен түшүндүрүп айтып бере алгыс өзүнчө бир сыйкырдуу закондору болот. Кээ бир турмушунда сулуу артисттер сахнага чыкканда ал сымбатынан ажырап жупуну көрүнүп калса, мунун тескерисинче айрым бир турмушунда жөнөкөй, эч кимден айрымаланбаган артисттер сахнага чыга келсе ажары менен айланасын көрккө толтуруп, көрүүчүлөрдү тамшандырып, суктан-

дырып, өзүнө тартып алат. Бул сахналык ажардын сыры төмөндөгүдөй. Ал таланттын сыйкырдуу чечмеленбей, талданбай турган касиети. Т. Жумакаева ушундай өзгөчө касиетке ээ актриса.

Т. Жумакаева менен алгачкы ирет таанышканда жанагы көрүүчүлөр туш болгон окуяны мен да башыман өткөргөм. 1986-жылы ноябрь айында биздин республиканын маданият министрлигинин тапшырмасы менен Нарын музыкалуу драма театрында коюлган 19-кылымдагы грузин адабиятынын классиги А. Цагарелинин «Ханума» аттуу музыкалуу комедиясын кабыл алганы барып калдым. Башкы каарман Хануманын ролун аткарып жаткан актриса Т. Жумакаеванын ысымын мурдатан жакшы билсем да өзүн турмушта бет келип көрө элек болчумун. Спектакль учурунда актрисанын чебер сахналык маданиятына сырткы дене боюнун ийкемдүүлүгү менен ички дүйнөсүнүн, көкүрөктөн чыккан коңур үнүнүн бир-бирине камыр-жумур болуп жуурулуп турганына, жалпысынан айтканда анын сахналык ажарына суктанып олтурдум. Актриса бакырайган көздөрү, грузин аялдарыныкындай болгон мурду, көөдөндөн чыккан жоон коңур үнү менен кавказдык зайыптарга окшоп турду. Баскан-турганы да, кулк-мүнөзү да грузин аялдарын элестетип жатты. Спектаклден кийин артисттер талкууга чогула баштаганда Т. Жумакаеваны турмушумда биринчи жолу көрдүм. Анын турпатынан жанагы сахнадан көргөн айланасын нурга бөлөп турган ажайып сулуулукту таба албадым. Бет алдымда суюла баштаган чачы тармалданган, кара торусунан келген жөнөкөй аял олтурду. Албетте, эгер мен катардагы көрүүчү болсом бул көрүнүшкө таң калаар элем. Ал эми мен мындай кубулуштарды адис катары нечен ирет тажырыйбамдан көргөмүн.

Эл арасында театр журтчулугу, артисттер жөнүндө түрдүү ушак-айыңдар, кеп-сөздөрү жүрүп турат. Андай сөздөрдүн чыгышына, тарап кетишине кээде артисттердин өздөрүнүн жүрүм-турумдары да себепкер болуп калат. Ал эми Т. Жумакаева жөнүндө эл арасынан ушул кезге чейин андай ушак-айың кепти кулагым чалган жок. Тамара театрга келген алгачкы күндөн тартып эле өзүн бекем кармап, жүрүш-турушуна катуу көз салып, бейтарап баспай, тамеки чекпей, ичкилик ичпей дегендей, кара жанын карч уруп, өзүн бүт бойдон театрга гана арнады. Өзгөчө гастролдо жүргөндө К. Досмамбе-

това күйөөсү экөөлөп Тамарага өз кызындай көз салышып, акыл насааттарын айтышып, жандарынан чыгарбай бирге жүрүшөөр эле. Ал түгүл түн ичинде жаш кызды өздөрү менен чогуу алып жатышчу. Ошол себептүү чыгармачылыгына да К. Досмамбетованын таасири тийип, насаатчысы болду. Т. Жумакаеванын ушу кезге чейин бейиши болгур «Канымгүл эжесин» ыраазычылык менен эскерип, көңүлүнөн чыгарбай жүргөнүнүн сыры да ошондон.

Бүгүнкү эл артистинин чыгармачылык жолунда мезгили менен кайталанып турган сахналык ийгиликтери бар. Ошолордун кезектегиси драматург Бакы Өмүралиевдин «Жаңырык» аттуу пьесасы боюнча коюлган спектаклдеги Дарыйканын образы. Бул пьеса согуш убагындагы кыштын кыраан чилдесинде Көк-Арт ашуусунун белинде электр зымын тартып жүрүшкөн кыргыз кыз-келиндеринин кайратман эмгегине арналган. Маңдай терин төгүп иштеген кыз келиндер менен бир катар тийип качты болуп, жан багып күн көргөн Дарыйка сыяктуу аялдар да жок эмес эле. Ушундай образды жаратууну режиссер Р. Кемпирбаев Т. Жумакаевага жүктөгөн. Дарыйка — Жумакаева спектаклдеги башкы каарман Арапбаеванын (П. Сейитмурзаева) антиподу. Бригадир Арапбаеванын ишти убагында бүтүрүүгө жасаган өжөр аракети Дарыйкага тап-такыр жакпайт. Ал ойноп, күлгөндү, эс алганды көбүрөөк жактырган, эмгекке жарамсыз жалакай аял. Арапбаеванын күндүр-түндүр эзип иштеткенине чыдай албай, ага уу берип өлтүргүсү келгени да ушуга байланыштуу. Артистканын Дарыйканын образын ийгиликтүү ойноп чыкканы жөнүндө замандаштары төмөнкүдөй пикир айтышкан: «Таланттуу актриса Т. Жумакаеванын Дарыйкасы өзү менен бирге иштегендерге жакты, көрүүчүлөргө бирде тамашакөй, бирде чындыкты жашырбай бетке айткан аял болуп көрүнөт. Анын аткаруусундагы Дарыйканын кылык-жоругуна, жүрүм-турумуна бооруң катканча күлөсүң. Аялдардын көңүлүн көтөргөнгө ыраазы болосуң. Акыры анын жосунсуз жоругунун бети ачылат. Арапбаеванын акыйкаты жеңет. Ыза болуп, сууга уу төгүүгө жасаган далалаты, аттын кылын таап алып, чачымды Арапбаева жулду деген жалган көрүнүштөрү, айтор, баары Т. Жумакаева тарабынан эч кынтыксыз чеберчиликте аткарылган». (К. Ибраимов «Ала-Тоо жаңырыгы,» «Нарын правдасы»)

Т. Жумакаева Дарыйканын образын бир беткей кылып түзбөстөн, анын адамга таандык баардык жаман-жакшы касиеттери менен кошо жараткан. Актриса кейипкерин айыптабайт да актабайт да. Дарыйканын жогорудагыдай күнөөсүн актриса жанын аяп иштегиси келбеген пендечилигинен деп түшүндүрөт. Дарыйканын образын Т. Жумакаева диалектикалык карым-катнашта түзгөнү актрисанын айылдык карапайым элдин турмушун, кулк-мүнөзүн жакшы билгендигинин натыйжасы болчу. Актриса бул образда өзүнүн комедиялык курч мүнөздү түзүүдөгү бардык жөндөмүн толук пайдалана алган. Ошондуктан актриса жараткан бул образ спектаклдеги эсте калаарлык каармандардын бири болду.

«Жаңырыктагы» Дарыйканын образынан кийин Т. Жумакаева дагы бир топ жаркын образдардын галереясын жаратты. Мисалы, Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кыз» музыкалуу драмасында, В. Шевченконун «Чалгынчынын тагдырында», А. Тезекбаевдин «Токтобек өскөн айылдасында», В. Шекспирдин «Отеллосунда», М. Жакыповдун «Кара медальонунда», С. Кожониязовдун «Сүйбөгөнгө сүйкөнбө» комедиясын кайрадан койгондо, М. Сейталиевдин «Айлакер колуктусунда», Ш. Садыбакасовдун «Уят эмесписинде», Б. Аманшиндин «Мунайба Дамешинде», Б. Жакиевдин «Атанын тагдырында», Ч. Айтматовдун «Бетме-бетинде» жараткан образдары көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн жылуу түнөк таап, биягы Нарын, Ысык-Көл, Сары өзөн Чүй, кең Талас, тиягы Ошко чейин маалым болду.

Т. Жумакаева театрда иштеген он төрт, он беш жылдын ичинде кыргыз элине драмалык актриса гана эмес, мукам үндүү ырчы катары да таанылып, сүймөнчүлүккө ээ болду. Ж. Шералиев сыяктуу кыргыз обончуларынын аксакалы, көч башы Нарын тоолорунун койнунан чыккан Калыйбек Тагаев, Султан Мамбетбаев, Эсенбек Мааданбековдордун обондорунун көпчүлүгүн кыргыз элинин кыйырына чейин тааныткан дал ушул артистка. Аны ырчы катары элге тааныткан да ушул обончулар. Т. Жумакаеванын ырчылык бактысы Ж. Шералиевге жолуккан күндөн ачылды. Ж. Шералиев ырчынын үнүнө ылайыктап, атайын обондорду чыгара баштаган. Ушу кезге чейин экөөнүн чыгармачылык кызматташтыгы жемиштүү уланып келе жатат. Дасыккан ырчы жаңы чыгарылган обонду колго алып аткарардын алдында, анын сөзүнө өзгөчө маани берип, изилдеп чыгат. Ант-

кени ошол сөздө жаткан ойду ачып, окуясын жеткирип, ага катышып жаткан каармандардын образын чыгарып, анан ошонун бардыгын обонго сиңирип, элге жеткирүү Т. Жумакаеванын ырчылык өнөрүнүн иштөө ыкмасы. Ырчынын сөзгө маани бергени анын драмалык өнөрдүн өкүлү экендигине да байланыштуу. Анын бул талабын жакшы билген Ж. Шералиев адегенде ырчыны болочок обондун сөзү менен тааныштырып, ал жактыргандан кийин гана музыкасын жазат. Ал түгүл кээде Т. Жумакаева үчүн ырдын сөзүн атайлап өзү жазчу. Белгилүү обончу экөөнүн биргелешкен чыгармачылыгынан жаралган «Жашообуз болсун көктөмдөй», «Карап койчу жылмайып», «Эстей берем» ж. б. ондогон ырлар Т. Жумакаеванын аткаруусунда кыргыз музыкалык алтын казынасынын кенчи болуп калды.

К. Тагаевдин «Элмира», «Ат-Башым», С. Мамбетбаевдин «Тракторчу жигитке», «Апийим баккан келинге», «Отпускада бир жүрсөк», Э. Мааданбековдун «Жаштарга», «Толгонуу», «Жүрөк кусасы», «Жүрөгүмдө сенин жалының» өндүү ырлары да Т. Жумакаеванын аткаруусунда кыргыздын Ала-Тоосунун асманында дайыма оболоп жаңырып келет.

Талантуу артисттин — Нарын жылдызынын драмалык актриса, ырчы катары өнөрү жогору бааланып, 1974-жылы ага «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти» деген ардак наам ыйгарылат. Ошондо актриса бар болгону отуз эки гана жашта болуп, өнөрү өөрчүп, таланты Нарын дайрасындай ташкындап турган маалы эле.

Актрисанын жетимишинчи жылдардын аягында жетишкен чыгармачылык ийгилиги катары Н. Анкиловдун «Жоокердин жесири» драмасында жараткан Полинанын образы жөнүндө айтса болот. Бул образ актрисанын төгөрөгү төп келишип, акылга толуп, турмуштук тажрыйбага каныгып турган маалына туш келди. Ошентсе дагы актриса орус аялынын тагдырын ачып көрсөтүш үчүн бир топ кыйналып, нечен түйшүктү, толгонууларды башынан кечирди. Комиссардын образында изденген сыңары Полинанын образын жаратып жатканда кыйлага дейре бир жыйынтыкка келе албай толгонуп жүрдү. Полина күйөөсүнөн «кара кагаз» келээр замат эле «арак ичип бузулуп» кеткенин актриса көпкө дейре боюна сиңире албады. Актрисанын кыйынчылыктарга моюн сунбаган солк этпеген табияты, жетимчиликти

башынан өткөргөндө да турмуштан көңүлү калбаганы Полинанын турмуштун бир кайгысына чыдай албаган эркинин боштугуна далил таба албай ички дүйнөсү каршылык көрсөтүп туруп алды. Бирок, ошого карабай актриса өткөн турмушун көз алдынан өткөрүп, сезимдер дүйнөсүн ойготуп, өзүнүн ыза болгон күндөрүн эске түшүрүп атып, Полинанын образынын өзөгүн табат. Көрсө, күйөөсүнө арнаган махабаттын күйүтү, жандай адамынан ажыраган, жалгыздыктын азабы, Полинаны ушул акыбалга алып келген экен. Полина — Жумакаева жылдызы жерге түшүп, маанайы пас, денесин сезбей шалдайып басат. Ал түгүл арак ичип, мас болуп алган сахнасында ичиндеги күйүттүн ордугун көтөрө албай өзүн биротоло жоготуп койгондой абалга жетип, чачы саксайып таралбай, жоолугунун бир учу мойнунда болсо, экинчи учу жерге түшүп, айланасын сезбей калган. Актрисанын бул образы жөнүндө Л. Шарафидинова минтип жазат: «...Анткени менен бул роль актрисага жаңы чыгармачылык эргүү берди. Эгерде ал мурда мүнөзү туруктуу, эрктүү аялдарды гана ойноп жүрсө Полинада эки түрдүү мүнөздү айкалыштырууга туура келди. Спектаклдин башында ал жумшак, боорукер, кайгыга алдырган аял болсо, акырында эрки күчтүү, өзүнүн энелик милдетин ыйык туткан аял болуп чыга келет» («Ардактуу наам милдеттендирет» «Нарын правдасы» 12-февраль, 1985-жыл.).

1980-жылы Нарын музыкалуу драма театры Фрунзе шаарында он күндүк отчеттук гастролун өткөргөндө борбордук театр журтчулугу, сынчылар, артисттер Т. Жумакаеванын Полинасын бир ойдон жактырышып, жогору баа беришкен.

Т. Жумакаева сексенинчи жылдардын башында Фигейредонун «Эзоп» трагикомедиясында ак сөөк философ чалыш Ксанфтын аялы Клеянын образын жаратат. Бул образ актрисанын чыгармачылыгына дагы бир жаңылык алып келди. Т. Жумакаева байыркы замандын ак сөөк, ак караны баамдай билген акылман Эзопту ырайы суук экенине карабастан, таланты үчүн сүйүп калган Клеянын образын жаратат. Клея — Жумакаеванын драмасы — сүйгөн адамы, улуу тамсилчи, философ Эзоптун экөөнүн махабатынан керт башынын эркиндигин жогору коюп, тандап алгандыгында. Спектакль жөнүндө пикирин жазган макаланын автору Л. Шарафидинова Жумакаеванын түзгөн образы жөнүндө төмөндөгүдөй

бап берген: «Т. Жумакаеванын аткаруусунда Клея бир караганда сырткы сулуулукка жана жарашыктуу кийинүүгө гана умтулган, жеңил ойлуу туруксуз аялдай көрүнөт. Ал өзүнүн күйөөсүнө, анын байлыгы үчүн жагымдуу мамиле кылат. Бирок, Эзоптун келиши менен анын ашкере акылдуулугуна, ички дүйнөсүнүн сулуулугуна берилип, Клея кайрадан жарала баштайт. Ал Эзоптун өңү серттигине карабастан анын жан дүйнөсүндөгү сулуулукту көрө билет жана аны биротоло сүйүп калат.» («Ардактуу наам милдеттендирет». «Нарын правдасы», 12-февраль 1985-ж.)

Клея — Жумакаева өзүнүн тагдырына жанагыдай эселек — чалыш, элге күлкү болгон Ксанфтын аялы болуп калганына өкүнүп, кейигендиктен, дайыма кабагын ачпай жүргөн аял. Эзоп экөөнүн эки башка таптын өкүлдөрү болуп калып, ошол нерсе ашыгы экөөнүн ортосунда тоскоол болуп атканы дагы себепкер. Жумакаева — Клеяны бир жактуу трактовкалабай, ал аялдын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылыктуу сезимдерин, ойлорун терең чагылдырган. Образды татаал түзө билген актрисанын бул чеберчилиги спектаклдин финалында даана көрүнөт. Эзопту «ууру» деп Афинага кайтарып келишет. Клея сүйгөнү Эзопту жанына — Афинага кайтарып алыштын айла-амалын жасап, тамсилчинин куржунуна алтын чөйчөктөрдү салып коюп, артынан киши жиберип, жалган жерден «ууру» деп карматтырып үйүнө алдырып келдирет. Бул анын махабатын сактап калууга жасаган акыркы аргасы болчу. Эзопту кармап үйүнө алып келгенде Клея — Жумакаева эркиндиги үчүн сүйүүсүн чанып кеткен Эзопту мыскылдап, мазактап, табасы канып, «ии, акыры келип колума түштүңбү, жеңилдиңби?» — деп карап турат. Бирок, Эзоп кул болуп, сүйүү отуна кумарлангандан көрөкчө эркин жүрүп өлгөнүн артык көрөт. Ошондо Клея — Жумакаева уттурганын, сүйгөн адамынан түбөлүк кол жууганын түшүнүп, аргасыз кайгыга чөмүлөт.

Бул образ Жыпаргүл, Комиссар, жана Полина сыяктуу эле таланттуу артисттин кезектеги чыгармачылык ийгилиги болуп калды. Ар бир жанрда — комедияда, драмада артисттин жетишкен чыгармачылык бийиктиктери бар. Комедиялык образдарды сахнада көп эле жаратты. Алардан көрүүчүлөрдүн эсинде көпкө сакталып калганы «Шайтан кыздагы» Айнагүл, «Жаңырыктагы» Дарыйка, жана «Ханумадагы» Хануманын образдары.

Режиссер З. Аклаева белгилүү музыкалык комедия «Хануманы» Т. Жумакаевага арнап койгон. Ошол мезгилде айрым бир себептерге байланыштуу бир нече жылдан бери сахнага чыкпай, ойнобой жүрүп, жыйналып калган ички бугун ушул Хануманын эстен кеткис образы менен чыгарды. Хануманын образында Т. Жумакаеванын артисттик жаратылышындагы комедиялык шыгы, музыкалуулугу, ырчылыгы ошого шайкеш келген дене-боюнун ийкеми бардыгы камыр-жумур болуп жуурулушуп, анын актердук таланты жарк деп бар тарабынан ачылып, өзүнүн чыгармачылык дараметинин туу чокусуна жетип турганына күбө болдук. Жумакаеванын Ханумасы тегерегиндеги адамдардын турмушунда акыйкаттын өкүм сүрүшү үчүн күрөшкөн, өзү мээримдүү, жароокер, боорукер, ак ниет, оозунан да колунан да баары келген тың аял. Адамдардын кулк мүнөзүн ар тараптан жетик түшүнгөн, турмуштун татаал сырларын заматта чече билген, куулугу ашынган, жан адамды алдына салбаган жуучу аял. Ханума ач көз, нысабы жок ыймансыз, башкалардын байлыгына көз арткан адамдарды ашкерелеп, кара ниет тилектерин ишке ашырбай жазалаган. Ошондуктан айыл ичинде, эл арасында Ханума акыйкаттык үчүн күрөшкөн ак ниет адам катары таанымал. Ханума — Жумакаева өзүнүн көздөгөн максатына оңой-олтоң эле жетет. Анткени, актриса Хануманы адамдарга жугумдуулугу, ажарлуулугу маңдайында төгүлүп турган жылдызы менен тегерегиндегилерди өзүнүн оюна тез эле көндүрүп, максатын дароо ишке ашырган шылуун жуучу катары трактовкалайт. Т. Жумакаеванын ойноктогон кап-кара көздөрү Хануманын ичиндеги тынымсыз жүрүп жаткан ойлорун билгизип турат. Жанга жагымдуу, сырдуу күлкүсү уурутуна жарашып, кимди да болбосун өзүнө тартып алат. Ушундай күлкүсү менен жакшы санаалаштарынын демине — дем кошуп, көңүлүн көтөрсө, душманынын айласын кетирип, жүрөгүнүн үшүн алат. Бул спектакль 1987-жылы Нарын музыкалуу театрынын Москва шаарында өткөн биринчи гастролунда көрсөтүлүп, Т. Жумакаеванын Ханумасына борбордук сынчылар тарабынан жылуу пикирлер айтылган.

Эмнегедир 1981-жылдан 1991-жылга чейин он жыл театрды жетектеген анын башкы режиссеру А. Сарлыкбеков менен Т. Жумакаеванын чыгармачылык кызматташтыгы анча жемиштүү болгон жок. Ал он жылдын

аралыгында А. Сарлыкбековдун эки гана спектаклинде роль ойноду. Биринчиси, Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» повестинин негизинде коюлган оюнда Кара кийген аял, экинчиси ошол эле автордун «Кыямат» романы боюнча коюлган спектаклде Акбаранын ролу. Кара кийген аялда жалпы сырткы көрүнүшү — ээги байланбаган кара шалы жоолугунун эки учу жерди чийип, согушта курман болгондорду бийик мукам үнү менен муңкантып, кошуп турганы өзгөчө элестүү. Ушул кичинекей эпизоддо актрисанын күчтүү драмалык таланты ар тараптуу көрүнөт.

1988-жылы күзүндө А. Сарлыкбеков «Кыямат» романын сахналаштырды. Т. Жумакаеванын өзүнүн өтүнүчү боюнча оюндун негизги лейтмотивин алып жүргөн Бөрү канчык — Акбаранын ролу тапшырылды. Заманыбыздын көрүнүктүү жазуучусу Ч. Айтматов акыры отуз жылдык чыгармачылыгында жазылган ар бир чыгармасында дайыма эненин образына кайрылат. Маселен согушта курман болгон уулдарынан ажыраган Толгонайдын, адамдардын тукумун сактап калып, жакшылык кылам деп өз тукумун кырдырган Бугу эненин, уулу Жоломандан тирүүлөй айрылып, акыры өз баласынын колунан мерт болгон Найман эненин, бөлтүрүктөрүнөн тирүүлөй ажырап, кайгыдан жолбун болуп каңгып калган Акбаранын образдары.

Ч. Айтматов адамдын же айбандын образын чагылдырбастан түпкүлүгүндө адамдык энелик сүйүү сезимин көрсөтөт. Ошондуктан Акбаранын трагедиясы адамдын-эненин трагедиясы катары кабыл алынат. Т. Жумакаева автордун адам баласынын кара мүртөздүгүн, зулумдугун айыптаган философиялык оюн Акбаранын образы аркылуу көрүүчүлөргө жеткирет. Акбара — Жумакаева адамзаттын өкүмзардыгынын алдындагы жаратылыштын алсыз өкүлү. Кыргыздын түшүнүгүндө карышкыр — коркунучтуу жырткыч. Бирок, ошол карышкыр да адам баласынын карасантайлыгынын, жырткычтыгынын алдында алсыз бечара болуп олтурат. Актриса ушул ойду образдын трактовкасында даана чагылдырган. Акбаранын сырткы коркунучтуу көрүнүшү: калдайган денеси, саксайган чоң башы, бардыгы табигый кара күчтөн кабар берет. Ал эми анын ички дүйнөсүндө сырткы келбетинде карама-каршы алсыздык бар. Анткени, Акбара кара күчүнө таянса дагы, боор эти менен бүткөн бөлтүрүктөрүн адамга алдырып жиберип, адам

баласынын куулук-шумдугунун, карасанатайлыгынын, зордук-зомбулугунун алдында алсыздыгына ыза болуп, күчүктөрүнө жете албай куурайт, улуп-уңшуп, дүйнө кезип сыздайт. Акбара — Жумакаева бөрү эне болгону менен анын тарткан күйүтү адамдыкынан ашып түшөт. Анткени, адамбы, айбанбы, энелик касиет баарына бирдей берилген дейт, актриса. Т. Жумакаева Акбаранын ролун ойноп жатканда карышкырдай жылып басып, бөрүдөй улуганы менен көрүүчүлөр андан Адам — энеге таандык касиеттерди көрүп, эне деп кабыл алат.

Чыгармачылыгындагы эне темасын Т. Жумакаева Италия драматургу Эдуардо де Филиппонун «Филумена Мартурано» (театрдагы аталышы — «Никелешкенден кийин») комедиясындагы Филуменанын образында улантты. Филумена — Жумакаева эрки күчтүү аял. Ал балдары үчүн өмүр бою турмуштун жыргалын көрбөй, азап-тозогуна чыдап келди. Никесиз төрөп алган балдарын көңүлдөшү Домениконун акчасына ага билгизбей кор кылбай чоңойтту. Филумена — Жумакаева балдарынын бардар жашашы жана өзүнүн бактылуу үй-бүлө күтүшү үчүн колунан келген аракетин бүт жасады. Акыры акыбети кайтып, Домениконун жана башкалардын алдында эненин теңдешсиз экендигин далилдейт. Филумена максатына жетип Доменико да балдары да анын энелик сүйүүсүнө баштарын ийишет.

Т. Жумакаева Филуменанын ролу менен эненин терең сүйүүсүн чагылдырган образ жараткандыгы үчүн 1992-жылы театр жаатындагы М. Рыскулов атындагы сыйлыкка ээ болду. Ошондой эле кыргыз театры жана музыкалык аткаруучулук өнөрүнө сиңирген көп жылдык эмгеги: сахнада көрүүчүлөрдүн жүрөгүнөн түнөк тапкан мыкты образдарды жаратып, мукам үнү менен аткарган ырлары элдин черин жазып, жашоо маанайын арттырганы үчүн 1984-жылы республикабыздын жогорку наамы — «Кыргыз ССРинин эл артисти» деген ардактуу наам ыйгарылган.

Көп жылардан бери Т. Жумакаева коомдук иштерге дагы чыгармачылыгына кандай мамиле жасаса дал ошондой жигер менен активдүү катышып келет. Бир нече жолу Нарын шаардык Кеңешине эл депутаты болуп, ал эми 1991-жылы өз театрынын Көркөм Кеңешинин Төрайымы болуп шайланды. Анын негизги максаты театрдагы жаштардын чыгармачылыгынын өсүшүнө көмөк көрсөтүү. Драматургдарды, режиссерлорду, сцено-

графтарды өз колективинин ичинен жөндөмү барларды тандап окутуп, тарбиялап алуу. Ошондой эле театрдын жалпы көркөм багытында жергиликтүү көрүүчүлөргө жакын да түшүнүктүү да болгон фольклордук өнөрдү жандандыруу.

Алтымышынчы жылдар Нарын театры, дегеле кыргыз театр өнөрү үчүн жемиштүү мезгил болуп калды. Ушул жылдары кыргыз театрына Нарындык топ жылдыздардын бири — Тамара Жумакаева келип кошулбаганда элибиз актрисанын, ырчынын жан эргиткен талантына куштарлануу бактысынан кемип калмак окшобойбу....

Кудай ага адам баласынын маңдайына бүткөн бир шыбагадан кем кылса, экинчисин — талантты эч бир аянбастан марттык менен тартууланган тура. «Жетим — жетилет!» — деген ушул. Бир кезде көрүнгөндүн колунда жүрүп, ата-эненин мээримин көрбөй чоңойгон кыз, учурда жамы кыргыз элинин сүймөнчүгүнө айланып олтурат. Эгемендүү Кыргыз республикасынын эл артисти Т. Жумакаева бүгүн чыгармачылык баралына келип, мөмөлүү саябан дарактай, канат бутагын кең жайып турган чагы. Улуулардын урматына, кичүүлөрдүн ызаатына арзып, ак ниет эмгеги менен «эл кызы» атанган Тамара жөнүндөгү айтылаар кеп али алдында.....

Ооба, Тамара Жумакаева сөздүн чыныгы маанисинде — эл кызы, Нарын жылдызы!

## Т. ЖУМАКАЕВА АТКАРГАН НЕГИЗГИ РОЛДОР:

К. Маликов *«Алмаш»* — Күкүя.
Ж. Садыков, Т. Мамбетов *«Эми эмне болот?»* — Үлпөт.
Ж. Абдыкадыров *«Толкун»* — Толкун.
Т. Абдымомунов *«Атабектин кызы»* — Жыпаргүл.
К. Жантөшев *«Шайтан кыз»* — Айнагүл.
Б. Жакиев *«Миң кыял»* — Томаяк бала.
В. Вишневский *«Оптимисттик трагедия»* — Комиссар.
С. Шимеев *«Өмүр жөнүндө баян»* — Айдан, Тамара.
Б. Өмүралиев *«Жаңырык»* — Дарыйка.
Н. Анкилов *«Жоокердин жесири»* — Полина.
Фигейредо *«Эзоп»* — Клея.
Ч. Айтматов *«Кыямат»* — Акбара.
Эдуардо де Филиппо *«Никелешкенден кийин»* (Филумена Мартурано) — Филумена.

Иллюстрированное издание
**Абдылдаева Дүрбүбү**

**ЗВЕЗДА НАРЫНСКАЯ**

Творческий портрет Нар. арт. Кырг. Респ. Тамары Жумакаевой

Художник *Жайчыбеков Бекбосун*

Бишкек, издательство «Кыргызтеатр»

На кыргызском языке.

Көшөкөттөлгөн басылма
**Абдылдаева Дүрбүбү**

**ЭЛ КЫЗЫ — НАРЫН ЖЫЛДЫЗЫ**

Кырг. Респ. эл артисти Тамара Жумакаеванын чыгармачылык ажары.

Редактору *Сүйүнбек Ибрагимов*

Сүрөтчүсү жана техникалык редактору *Б. Жайчыбеков*

Корректору *К. Матмусаева*

Терүүгө 8. 07. 96 түшүрүлдү. Басууга 12. 08. 96-ж. кол коюлду. Форматы $84 \times 108^1/_{32}$. Офсеттик кагазга басылды. Шарттуу көлөмү 2,0 басма табак. Учеттук көлөмү 1,68 басма табак. +1,0 басма табак иллюстрациясы. Нускасы 5000. Заказ № 31. Баасы базар наркына жараша.

«Кыргызтеатр» басмасы.
720000, ГСП, Бишкек шаары, Эркиндик проспекти, 36

Кыргызполиграфкомбинаты.
Кыргыз мамлекеттик «Акыл» концерни.
720460, ГСП, Бишкек шаары, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.